**Текшерүү жат жазуусу**

5-кл. 70-85 сөз
6-кл. 85-105 сөз
7-кл. 105-120 сөз
8-кл. 130-140 сөз
9-кл. 140-150 сөз
10-кл. 160-180 сөз
11-кл. 180-200 сөз [3]

Жат жазуу жумушунун текстинде өтүлгөн эрежелерге ылайык V класста 4-5, VI-VII класста 5-8, VIII-IX класста 8-9, X-XI класста 10-12 жазылышы татаал сөздөр камтылууга тийиш. Ошондой эле текшерүү түрүндөгү жат жазуу ишинде программалык материалдардын негизинде окуучулардын сабаттуулугун байкоодо орфограммалык жана пунктограммалык фактылар төмөнкүдөй болууга тийиш.

| | Орфограммалар | Пунктограммалар |
|---|---|---|
| 5-кл. | 8-10 | 2-3 |
| 6-кл. | 10-12 | 3-4 |
| 7-кл. | 12-14 | 4-5 |
| 8-кл. | 14-16 | 8-10 |
| 9-кл. | 16-18 | 10-12 |
| 10-кл. | 18-22 | 12-14 |
| 11-кл. | 22-24 | 14-16 |

Жат жазуу орфографиялык, пунктуациялык каталар, жазуунун техникалык эрежелери, иштин тазалыгы эске алынып, бир гана баа коюлат. Эгерде, айрым учурда, жат жазуу жумушуна кошумча грамматикалык жана башка комплекстүү тапшырмалар кошо берилсе, экөөнө эки башка баа коюу талап кылынат.

Жат жазуу ишине баа коюуда мугалим төмөнкүдөй нормаларды жетекчиликке алат:

[3] Окуу орус тилинде жүргүзүлгөн мектептердин I-XI класстары үчүн кыргыз тилинин программасы. Бишкек, 2000. 10-11-бет.



«5» деген баа катасыз жазылган бир орфографиялык, же бир пунктуациялык катадан ашпаган, үчтөн ашык оңдоолор болбогон ишке коюлат.

«4» деген баа каталардын жалпы саны төрттөн ашпаган (эки орфографиялык, эки пунктуациялык, же төрт орфографиялык, төрт пунктуациялык) жат жазууларга коюлат.

«3» деген баа төрт орфографиялык, төрт пунктуациялык же үч орфографиялык, беш пунктуациялык же орфографиялык катасы жок туруп жети пунктуациялык ката жиберилген иштерге коюлат.

«2» деген баа «3» коюлуучу иштин чегинен ашкан, жети орфографиялык, жети пунктуациялык, же алты орфографиялык, сегиз пунктуациялык, же сегиз орфографиялык, же алты пунктуациялык ката кетирилген болсо коюлат.

«1» деген баа каталардын саны «2» деген баанын нормасынан ашып кеткен жат жазууларга коюлат.

***Сөздүк түрүндөгү жат жазуу жумуштарында:***

V класс үчүн 15-20,
VI класс үчүн 20-30,
VII класс үчүн 20-35,
VIII класс үчүн 25-40,
IX класс үчүн 25-45,
X класс үчүн 35-55,
XI класс үчүн 45-60 сөздөн турган текстти тандоо талапка ылайык.

Сөздүк түрүндөгү жат жазуу жумуштарында «5» деген баа катасы жок, «4» деген баа бир-эки катасы болсо, «3» деген баа үч-төрт ката кетирилген болсо, ал эми «2» деген баа төрт-беш катага коюлат. Ал эми «1» деген баа жетиден ашык ката жиберилген жазуу жумушуна коюлат.

## *Кыргыз тилинен жазуу нормалары*

| Класстар | 1-Чейрек | 2-Чейрек | 3-Чейрек | 4-Чейрек |
|---|---|---|---|---|
| ***3*** | 3 | 3 | 4 | 3 |
| ***4*** | 3 | 3 | 4 | 3 |
| ***5*** | 3 | 3 | 4 | 3 |
| ***6*** | 3 | 3 | 4 | 3 |
| ***7*** | 3 | 3 | 4 | 3 |
| ***8*** | 3 | 3 | 4 | 3 |
| ***9*** | 3 | 3 | 4 | 3 |
| ***10*** | 3 | 3 | 4 | 3 |
| ***11*** | 3 | 3 | 4 | 3 |